**УДК 37.015.31**
**DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-245-252**

**КАЧКЫН УУЛУ А., БАКТЫБЕК КЫЗЫ В.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**КАЧКЫН УУЛУ А., БАКТЫБЕК КЫЗЫ В.**
КНУ им. Ж. Баласагына
**KACHKYN UULU A., BAKTYBEK KYZY V.**
KNU J. Balasagyn

ORCID: 0009-0000-8666-1544, SPIN-код: 9080-1027

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН ОКУУГА ЫҢГАЙЛАШУУСУН ПСИХОЛОГИЯЛЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК ЖАКТАН КОЛДООНУ ЭКСПЕРИМЕНТАЛДЫК ИЗИЛДӨӨ

ЭКСПЕРИМЕНТАЛЬНОЕ ИССЛЕДОВАНИЕ ПСИХОЛОГО-ПЕДАГОГИЧЕСКОГО СОПРОВОЖДЕНИЯ АДАПТАЦИИ УЧЕНИКОВ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ К УЧЕБЕ

EXPERIMENTAL STUDY OF PSYCHOLOGICAL AND PEDAGOGICAL SUPPORT OF ADAPTATION OF PRIMARY SCHOOL PUPILS TO LEARNING

**Аннотация:** Макалада башталгыч класстын окуучуларынын окууга ыңгайлашуусун психологиялык-педагогикалык жактан колдоо жана аны эксперименталдык изилдөөгө арналды. Окуучулардын курактык өзгөчөлнгктөрн каралып, окуу ишмерднгнлнктнгн мааниси жана ролу талданды. Окууга болгон ыңгайлашууда ашыкча тынчсызданган балдардыкы узакка созулуп жогорку стрессти башынан өткөрөт. Мектептин шарттарына ыңгайлашууга таанып билнгн, социалдык мотив жана мектептеги тынчсыздануунун таасири эксперименталдык жол менен аныкталды. Мотивациянын жана мектептеги тынчызданунун натыйжалары таблицада берилип, программанын иштелип чыгышына тнрткн берди. Эксперимент нч этапта жнргнзнлнп, констатациялык этапта таанып билнгн, социалдык мотивдердин деңгээли жана тынчсыздануу атайын методиканын жардамы менен аныкталды. Башталгыч класстын окуучулары мектепке ыңгайлашуу жогорку деңгээлде жнрнгн нчнгн эксперменттин калыптандыруучу этабында атайын программа ишке киргизилип, натыйжалуулугу контролдук этапта текшерилди.

**Аннотация:** Статья посвящена психолого-педагогическому сопровождению адаптации младших школьников к обучению в школе и ее экспериментальному исследованию. Рассмотрены возрастные особенности учащихся, проанализированы смысл и роль учебной деятельности. Дети с чрезмерной тревожностью при адаптации к учебе испытывают длительный стресс. Было экспериментально выявлено влияние познавательной

социальной мотивации, а также школьной тревожности на процесс адаптации к школьному обучению. Эксперимент проводился в три этапа, на констатирующем этапе эксперимента по специальной методике определялись познавательные способности, уровень социальных мотивов и уровень школьной тревожности. Результаты диагностики учебной мотивации и школьной тревожности были представлены в таблице, по этим данным была разработана программа. На формирующем этапе эксперимента

использовалась специально разработанная программа по адаптации к школе, на контрольном этапе проверялась ее эффективность.

**Abstract:** The article is devoted to the psychological and pedagogical support of the adaptation of younger students to schooling and its experimental research. The age characteristics of students are considered, the meaning and role of educational activity are analyzed. Children with excessive anxiety experience long-term high stress when adapting to school. The influence of cognitive and social motivation, as well as school anxiety on the process of adaptation to schooling, was experimentally revealed. The experiment was carried out in three stages, at the ascertaining stage of the experiment, cognitive abilities, the level of social motives and the level of school anxiety were determined using a special method. The results of the diagnosis of motivation and school anxiety were presented in the table, according to these data, a program was developed. At the formative stage of the experiment, a specially developed program for adaptation to school was used, and its effectiveness was tested at the control stage.

**Негизги сөздөр:** башталгыч класстын окуучулары, мектепке ыңгайлашуу, психологиялык-педагогикалык колдоо, эксперименталдык изилдөө.

**Ключевые слова:** ученики начальных классов, адаптация к школе, психолого-педагогическое сопровождение, экспериментальное исследование.

**Keywords:** primary school students, adaptation to school, psychological and pedagogical support, experimental research.

**Актуалдуулугу:** Заманбап жалпы билим берүүчү мектеп коомдун негизги социалдаштыруучу институту болуу менен, мектеп окуучуларынын ар кандай курактык мезгилдеринде ийгиликтүү адаптациялоо маселесин чечүүгө багытталган. Бирок, башталгыч класстарда көптөгөн окуучулар билим берүү мекемелеринин барган сайын татаалданган талаптарына ыңгайлашууда кыйынчылыктарга дуушар болушат. Изилдөөчүлөрдүн айтымында, билим берүү мекемесинин түрүнө жараша башталгыч класстын окуучуларынын 20дан 60%га чейин мектептин билим берүүнүн шарттарына ыңгайлашууда олуттуу кыйынчылыктарга туш болушат.

Башталгыч мектеп курагындагы балдарда ыңгайлаша албаганын себептери билим берүү процессинде баланын жеке өзгөчөлүктөрүн, ыктарын, кызыкчылыктарын, психикалык жана физикалык ден соолугун жана балдардын эмоционалдык бакубаттуулугун ж.б. айтууга болот [6].

Изилдөөнүн эксперименталдык базасы: Жайыл районунун, Сосновка айылынын, Сосновка орто мектебинин 1-класстарынын окуучулары. Биринчи класста диагностикалык экспертизанын анализинин натыйжасында класстын мүнөздөмөсүн түздүк, анын негизинде 1-класс 27 окуучуну алдык. Бул класста 27 окуучу окуйт, алардын 12си кыз, 15и эркек балдар.

2022-2023-окуу жылынын биринчи жумасында ушул класстын окуучулары менен адаптациялык жуманы өткөрдүк, бул адаптациялык психологиялык-педагогикалык коштоонун биринчи этабы. Окуучулардын мотивациясын жана тынчсыздануусунун деңгээлин аныктоо боюнча атайын методикалар колдонулду:

мотивацияны изилдөө үчүн Н.Г. Лускированын "окутуунун жетектөөчү мотивдери" методикасы [5];

мектептеги тынчсыздануу деңгээлин изилдөө үчүн Филипстин тести.

Н.Г.Лускированын "окутуунун жетектөөчү мотивдери" методикасын таанып-билүү жана социалдык мотивдердин түрлөрү боюнча бөлүштүрүүгө мүмкүндүк берет.

Эгерде окуучуда окуу предметинин мазмунуна басым жасоо байкалса, анда таанып-билүүчүлүк мотивдердин бар экендиги жөнүндө айтууга болот. Ал эми окуучунун мектепте башка окуучулар менен сүйлөшүүгө жана мамиле түзүүгө көңүл бурса анда социалдык мотивдер жөнүндө сөз кылсак болот [5].

Андан кийин "Филипстин мектептеги тынчсыздануу тести" методикасын колдонуп, башталгыч класстын окуучуларынын мектепке байланыштуу тынчсыздануу деңгээлин изилдөөгө багытталган [8].

Керектүү маалыматтар 2022-2023-окуу жылынын биринчи чейрегинен кийин алынган. Анда окуучулардын интеллектуалдык, эмоционалдык-эрктүүлүк жана мотивациялык даярдыктын өзгөчөлүктөрүн ачып берген материалдар камтылган. Ушул маалыматтардын негизинде биз адаптация убагында башкаларга караганда психологиялык-педагогикалык колдоого муктаж окуучуларды аныктадык.

"Окутуунун жетектөөчү мотивдери" методикасын колдонуу менен окуу мотивациясын изилдөөнүн жыйынтыгын талдоо окуу мотивациясы төмөнкүдөй берилгенин көрсөттү (1-таблица).

Таблица 1. Окуу мотивациясынын жыйынтыктары

| Окуучулардын саны | Мотивациянын түрлөрү | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Ички | Тышкы | Социалдык | Таанып-билүү |
| Кыздар (12) | 18,6 % | 25,9% | 29,6% | 14,9% |
| Балдар (15) | 22,2 % | 33,3% | 29,6% | 25,9% |

Мындан тышкары, "эмнеге окуп жатасың?"деген суроо 1-класстын окуучуларынын мотивациясынын багытын аныктоого мүмкүндүк берди:

21,3% - окутуунун таанып билүүчүлук мотивин көрсөтөт ("сабак кызыктуу болгондуктан окуйм","көбүрөөк билгим келгендиктен окуйм"),

15,4% - окутуунун позитивдүү мотиви ("достордун арасында болуу кызыктуу, ошондуктан окуйм", "ата-энемди кубандыруу үчүн окуйм")

Окуучулардын 40,8 % "ата-энеси мажбурлагандыктан окуйм", атүгүл "апам эч нерсе сатып бербей койот эгерде мектепке барбай койсом" деген ж.б. жоопторду беришкен.

Убакытты жакшы өткөрүү тууралуу суроого көпчүлүк балдар "сейилдөө", "футбол ойноо", "телефон менен ойноо"деп жооп беришкен.

Ошентип, бул окуучулардын окуу мотивациясын изилдөөдө таанып-билүү жана ички мотивдерди өнүктүрүүгө багытталган иш-аракеттерди жүзөгө ашыруу зарыл экенин көрсөттү. Бул мотивдер таанып-билүү активдүүлүгүнүн өнүгүшүнө, окутуудагы жетишкендиктеринин жогорулашына өбөлгө түзөт.

Андан соң мектептеги тынчсыздануунун өзгөчөлүктөрүн изилдөө үчүн Филипстин тестин колдондук [8]. Бул маалыматтар тынчсыздануунун жалпы көрсөткүчтөрүнүн алкагында мектеп тынчсыздануусунун себептерин аныктоо үчүн жакшы шарт түздү.

Мектептеги тынчсыздануну үч деңгээл боюнча аныктай алдык: жогорку (Ж), орто (О) жана нормалдуу (Н). Филипстин тестинин программага чейинки жыйынтыгын талдап жатып, эң көп окуучулар башкалардын үмүтүн актабай калуудан (25,9%) тынчсызданышат, билимди текшерүүдөн коркуу (21,9 %), өзүн-өзү билдирүүдөн жана сүйлөөдөн коркуу (22,3%) жана окуучулардын 22% мугалимдер менен болгон көйгөйлүү мамилелерден коркушат. Бул биринчи класстын окуучулары жаңы окуу шарттары жаңы

социалдык статус жана социалдык чөйрө, ошондой эле окуучулардын айрым инсандык сапаттары кыйла кеңейгендитен болушу мүмкүн.

Ошентип, диагностикалык текшерүүнүн жүрүшүндө алынган натыйжалар көрсөткөндөй, бул класста ийгиликтүү адаптациялоо үчүн мектептеги тынчсыздануу деңгээлин төмөндөтүүгө, окуу мотивациясын өнүктүрүүгө, ошондой эле коммуникативдик жөндөмдүүлүктү өркүндөтүү зарыл.

*Биринчи класстын окуучулары үчүн адаптациялык программаны ишке киргизүү.* Психологиялык-педагогикалык коштоо 1-класстын окуучулары менен жекече жана микрогруппаларда иш жүргүзүлдү, алар диагностикалык этапта балдарда аныкталган көйгөйлөрдүн окшоштуктарынын негизинде түзүлдү.

Сабактын алгачкы мүнөттөрүнөн баштап практикалык маселелерди биргелешип чечүүгө жана ар биринин жеке өзгөчөлүктөрүн кабыл алуу атмосферасы түзүлдү. Бул этапта максатка ылайык бир нече мугалимдерди жана класс жетекчисин катышууга чакырдык, алар балдар менен бирдей шартта өздөрү, өз жашоосу, хоббилери жөнүндө айтып беришти. Эң негизгиси, бул эрежелер өзүнүн конкреттүү тажрыйбасынын негизинде түзүлүп, алардын зарылдыгы жана маанилүүлүгү талкууланды.

Адаптация жумасында окуучулар өз классынын автопортретин түзүштү. Бул жамааттык сүрөт: ―жандуу сүрөттөр‖, өз жамаатынын оозеки презентациясын түшүндүргөн. Чыгарма ар бир окуучу жалпы презентацияга өзүнүн жеке көз карашын кошуп, ага катышкандай уюштурулган. Ушул эле этапта класстагы тапшырмалар бөлүштүрүлгөн.

Психологиялык-педагогикалык коштоо программасын түзүүдө М.Битянова сунуш кылган иштин алгоритмин колдоно алдык. Анда биринчи класска ыңгайлашуусуна шарт түзгөн билим берүү процессинин бардык катышуучуларынын иш-аракеттери камтылган [1].

Уюштуруу иштери (педагогикалык стажы көп жана жаш мугалимдердин кеңешмелерин, мектеп администрациясынын өкүлдөрү менен кеңешмелерди өткөрүү). Окуучунун инсандык өнүгүүсүнүн бардык багыттары боюнча психологиялык диагностика иши, мугалимдер, окуучулар жана алардын ата-энелери менен консультациялык иштерди

уюштуруу [3]. Мындан психологиялык-педагогикалык колдоо жана комплекстүү программаны түзүү муктаждыгы келип чыккан.

Профилактикалык иш .

Коррекциялык-өнүктүрүү иштери

Аналитикалык иш.

Психологиялык-педагогикалык колдоо жана комплекстүү программа.

Диагностикалык изилдөө учурунда алынган маалымат менен 1-класстын мугалими, окуучулардын ата-энелери таанышып чыгышты. Мындай тааныштыруу программанын ажырагыс бөлүгү болгон. Мына ушул иштер изилдөө иштин экинчи этабында колдоонун негизги багыттарын аныктоого мүмкүндүк берди. Изилдөө иштин алкагында ―Көнүп кетем‖ программасын ишке ашырдык, бул программада коммуникативдик көндүмдөрдү өздөштүрүүдө жакынкы өнүгүү зонасынын маанисин эске алынды. Сабактар биринчи класстын окуучуларына адаптация мезгилинде жакшы жардам берди. 1-класстын окуучуларына мектепте окуу шарттарына ыңгайлашуу мезгилинде психологиялык-педагогикалык колдоо көрсөтүлдү.

Биринчи класстын окуучулары үчүн:

өзүн-өзү уюштуруу, өзүн-өзү башкаруу боюнча иште жардам берүү;

жаңы позицияны жана мугалимди кабыл алууга жардам берҥҥ;

баланын жана кыздын ролуна жараша позицияларды тактоо (жыныстык ролдук мамилеге басым жасоо).

Ата-энелер ҥчҥн:

келе жаткан окуу жылынан келип чыккан ата-энелердин тынчсыздануусун жеңилдетҥҥ;

кызматташуу атмосферасын тҥзҥҥ;

мугалим жыл бою ата-энелер менен өз ара аракеттенҥҥ жолдорун макулдашуу;

баланын мектепте билим алуусуна байланыштуу ата-энелердин кҥтҥҥлөрҥн аныктоо жана аларды педагогдордун кҥтҥҥлөрҥ менен байланыштыруу.

Бул милдеттерге ылайык, мектеп турмушунун жаңы этаптарында окуучуларды көндҥрҥҥ боюнча иштин негизги багыттары баса белгилөөгө болот:

1. Балдардын адаптация этабындагы психологиялык диагностика, биринчи кезекте, балдардын жаңы социалдык кырдаалга ылайыкташуу деңгээлин жана өзгөчөлҥктөрҥн изилдөөгө багытталган. Ал окуу жылынын башында педагогикалык байкоолор менен бирге өткөрҥлөт.

Мугалимдер жана ата-энелер менен консультациялык иштерди уюштуруу. Мугалимдер менен иштөө көбҥнчө семинар тҥрҥндө болот. Алар ҥчҥн семинарлар адаптация мезгилинин негизги милдеттери жана кыйынчылыктарды жеңҥҥгө жакшы өбөлгө тҥзөт, балдар менен баарлашуу тактикасы жана жардам берҥҥнҥн формалары менен тааныштырат ата-энелерге консультация жекече же алардын чогулуштарында жҥргҥзҥлөт.

Окутуунун методикасын өркҥндөтҥҥгө жана мазмунун өзгөртҥҥгө багытталган методикалык иштер уюштурулууга тийиш. Ал окуучулардын психологиялык-педагогикалык абалын талдоонун жыйынтыгы боюнча мектеп администрациясы менен биргеликте ишке ашырылат.

Профилактикалык иш психолог тарабынан жҥргҥзҥлөт жана ар бир балага колдоо көрсөтҥҥгө багытталган.

Аналитикалык иш жҥргҥзҥлҥп жаткан психологиялык жардамды, балдарды жаңы шарттарга адаптациялоо боюнча иш-аракеттерди тҥшҥнҥҥгө, иштин натыйжалуулугун баалоого жана иш пландарын коррекциялоого багытталган [6].

Сабактарды уюштурууда төмөнкҥ методдор колдонулду: диалог, сҥрөт тартуу, окуя менен бөлҥшҥҥ, ролдук жана иштик оюндар, топтук талкуу, топтук баарлашуу, өнҥктҥрҥҥчҥ көнҥгҥҥлөр, оюндар жана аларды талкуулоо. Сабактардын натыйжалуулугу балдардын чыгармачылык потенциалын өнҥктҥрҥҥ, алардын өз сезимдерин, мамилелерин, окуяларын талдоо көндҥмдөрҥнө ээ болуусун камсыздоо ж.б.

Бул программа сегиз теманы камтыган, жумасына бир жолу өткөрҥлгөн. Уюштуруу: сабакта балдар тегеректе турган парталарда отурушат, ал эми психологдун столу тегеректи жабат;

- иш чара сабак тҥрҥндө жҥрөт;

- сабактын формасы сабактын негизги этаптарына туура келет: киришҥҥ бөлҥгҥ; сабактын негизги темасы; акыркы бөлҥгҥ (кайтарым байланыш; ҥй тапшырмасы).

Сабактардын экинчи бөлҥгҥ окуучуларды мектепте окуу процесс менен тааныштырууга, кенже мектеп окуучусунун жаңы социалдык статусу жөнҥндө тҥшҥнҥктөрдҥ өнҥктҥрҥҥгө, окуу процессинин ―таанып билҥҥчҥлҥк картинасын‖

тнзнггө; педагог жөнңгндө кызыктуу адам, маектеш катары элес калыптандырууга арналган.

Ңчңнчң этапта биз ошол эле ыкмаларды колдонуу менен кайра диагноз жнргнздңк. Бул этаптын максаты гипотезаны тастыктоо же четке кагуу ңчңн психологиялык-педагогикалык коштоонун ийгилигин талдоо болду. Биринчи класстын окуучуларын психологиялык-педагогикалык коштоонун натыйжалуулугун талдоого киришип жатып, жыйынтыктарды кылдат жана салмактуу талдоо ңчңн бул классты тыкыр көзөмөлдөө зарыл экенине ынандык. Ошо менен бирге мотивация чөйрөснң, эмоционалдык чөйрөнң жана инсандык өзгөчөлнктөрдң кайрадан текшердик.

Таблицада 2. 1-класстын окуучуларынын окуу мотивациясын изилдөөнңн жыйынтыктары калыптандыруучу ишке чейин жана андан кийин (% менен берилген).

| Окуучулардын саны | Окутуунун мотиви | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Ички | | Тышкы | | Социалдык | | Таанып билңнчң | |
| | Чейин | Кийин | Чейин | Кийин | Чейин | Кийин | Чейин | Кийин |
| Кыздар (12) | 18,5 | 14,8 | 25,9 | 29,6 | 29,6 | 25,9 | 14,9 | 18,6 |
| Балдар (15) | 22,2 | 18,5 | 33,3 | 29,6 | 29,6 | 25,9 | 25,9 | 29,6 |
| Бардыгы 27 окуучу | 40,8 | 33,3 | 59,2 | 59,2 | 59,2 | 51,8 | 40,8 | 48,2 |

Мектептеги тынчсызданууну кайра диагностикалоонун жыйынтыктары иштелип чыгып, калыптандыруучу эксперименттен кийинки таблицага жайгаштырылды Алынган маалыматтар сапаттык жана сандык анализге дуушар болгон.

Сапаттуу талдоо көрсөткөндөй, социалдык стресстин таасири төмөндөп, балдардын эмоционалдык абалы жакшырганын айтууга болот. Кенже мектеп окуучулары жаңы шарттарга оңой ыңгайлаша баштады. Башкалардын ңмнтнн актабай калуудан коркуу абалы өзгөрдң, өзнннн эмгектеринин жыйынтыктарын баалоодо башкалардын берген бааларын сын көз караш менен кабыл алышты.

Мугалимдер менен болгон мамилелердеги көйгөйлөр жана коркуу сезимдери кээ бир балдар ңчңн маанисин жоготту, эми мектептеги чоңдор менен болгон мамиленин жалпы эмоционалдык фону окуунун ийгилигине өбөлгө тнзөт деген бнтнм чыгарууга болот.

Өзнн-өзң билдирнндөн коркуу бир аз азайганыны көрө алдык, бирок эмоционалдык учурлар дагы байкалып жатты. Билимди текшерңн кырдаалынан коркуу, терс маанай жана тынчсыздануунун деңгээли тнштң. Мектеп турмушу менен байланышкан жалпы мектеп тынчсыздануу көрсөткнчң төмөндөдң [10].

Таблица № 3. Психологиялык-педагогического колдоодон кийинки диагностиканын жыйынтыктары

| | Тынчсыздануунун факторлору | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
| Калыптандыруучу экспериментке чейин | 74 | 70,3 | 62,9 | 59,2 | 62,9 | 59,2 | 59,2 | 55,6 |
| Калыптандыруучу эксперименттен кийин | 66,3 | 59,1 | 55,4 | 55,4 | 51,7 | 51,7 | 48,1 | 51,7 |

Изилдөөнүн маалыматтарынан көрүнүп тургандай, азыр коммуникативдик жөндөмдүн өнүгүү деңгээли төмөн окуучулар 14,8%, жогорку деңгээлдеги балдар 22,1%, бирок ошентсе да көпчүлүк балдар – 63% коммуникативдик жөндөмдүн өнүгүүсүнүн орточо деңгээлине ээ экенин көрө алабыз. Эң көп өзгөрүүлөр балдардын башкалардын тажрыйбасын үйрөнүү жана бул тажрыйбаны жашоодо натыйжалуу колдонууну айтууга болот.

Ошентип, биз тынчсыздануу, коммуникативдик жөндөмдөрдүн өнүгүү деңгээли жана мотивациянын ортосунда байланыш бар экендигин аныктадык. Көрсөткүчтөр чындыгында эле ар кандай болгондуктан, жүргүзүлгөн иш бул класстын окуучуларынын окууга ыңгайлашуусуна шарт түздү деген тыянак чыгарууга болот. Биздин гипотеза тастыкталды.

Көпчүлүк балдарда таанып-билүүчүлүк жана ички мотивдерди өнүктүрүүгө багытталган узак аралыкка иштөөнү талап кылган мектеп мотивациясынын деңгээли аныкталды; окуучулардын теңтуштары жана чоңдор менен баарлашууда да коммуникативдик жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү тенденциясы байкалып, бирок бул иш алынган натыйжаны өнүктүрүү жана бекемдөө үчүн улантылышы керек.

Адаптациялоонун оор мезгилинде баланы колдоо окуучулардын жеке өсүү жана өнүгүү маселелерин чечүүгө, ошондой эле мектептеги туура эмес иштердин алдын алууга жана оңдоого өбөлгө түзөт. Ошентип, окуучулардын табигый өнүгүүсүн психологиялык-педагогикалык коштоо маанилүү экени анык болду, бул иш психолог, мугалим, мектеп администрациясы жана ата-энелердин катышуусунда жүрүүгө тийиш.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


Битянова М.Р. Организация психологической работы в школе. М., 2000.

Венгер А.Л., Цукерман Г.А. Психологическое обследование младших школьников: проблемы умственного развития, общения, личностные. – Ж. "Дефектология" № 2, 2001 – С.
89-96.Диагностика школьной дезадаптации. Под ред. С.А. Беличева, И.А. Коробейникова. Научно-методическое пособие для школьных психологов. М.: Редакционно-издательский центр "Социальное здоровье России", 1993 –127 с.

Жумалиева Ж.М. Жаш курак психологиясы: окуу куралы. – Б.: 1999. – 256 б.

Лусканова Н.Г. Оценка школьной мотивации учащихся начальных классов. – //Школьный психолог, № 9, 2001 – 8-9 с.

Качкын уулу А. Кенже мектеп курактагы балдардын интеллектуалдык-чыгармачылык потенциалын өнүктүрүү // Кыргыз билим берүү Академиясынын кабарлары – Б.: №3(58),
2022 – 59-65-бб.

Практическая психодиагностика. Под ред. Райгородского. – С.: изд. дом " БАХ РАХ", 1998 – 669 с.

Собчик Л.Н. Психодиагностика: методы и методология. Ростов Н/Д: "Феникс", 1999 –
с.

Сомько А., Каффива Ю. Введение в школьную жизнь. Программа адаптационных занятий для первоклассников. - // Школьный психолог. Приложение к газете. Первое сентября. – 1999, № 2 – 8-9 с.

Ульянова Т.Л. Школьная дезадаптация и связанные с ней трудности в общении. - //Начальная школа № 7, 1996,– 14-16 с.